**Сабактын план-конспекти**

**7- класс** **К** үнү:10.02.2021-жыл Текшерилди ОББ________________.

Сабактын темасы :Этиштин өзгөчө формалары жөнүндө түшүнүк.Атоочтуктар жөнүндө түшүнүк

Сабактын тиби: Жаңы материалды өздөштүрүү

Сабактын методу: Таанып билүү ишмердүүлүгүн уюштуруу жана ишке ашыруу,"Үч мүнөттүк эссе"ыкмасы. Калыптандыруучу сурамжылоо.

Сабактын формасы: :Класстык сабак,жуптарда иштөө.

Сабактын жабдылышы: Окуу китеби,китеп,бор,стикер,слайд.

| Сабактын максаттары | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|
| **Билим берүүчүлүк максаты:**<br>Окуучулар этиштин өзгөчө формалары жөнүндө маалымат алышат.Атоочтуктар, аны уюштуруучу мүчөлөрдү билишет. | -этиштин өзгөчө формаларын билсе;<br>-атоочтук ,аны уюштуруучу мүчөлөрдү билсе . |
| **Өнүктүрүүчүлүк максаты:**<br>Атоочтуктарды оозеки жана жазуу түрүндө таап,уңгу мүчөгө ажыратып,анын түрлөрүн аныкташат,ага сүйлөм түзүшөт. | -берилген сүйлөмдөн атоочтуктарды тапса ;<br>-атоочтуктарды уңгу мүчөгө ажырата алышса;<br>-ал мүчөнү аныктай алса;<br>-атоочтуктарга сүйлөм түзө алса |
| **Тарбия берүүчүлүк максаты:**<br>Жуптарда иштей алышат.Бири –бирин уга алышат. | -жуптарда биргелешип иштей алса;<br>-бири –бирин сыйлап ,уга билсе. |

| № | Сабактын этабы (убактысы) | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү | Компетент-түүлүк | | Баалоо (калыптандыруучу баалоонун ыкмасы) эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Нег из. (НК) | Пред. (ПК) | |
| 1 | Уюштуруу 1.1.Саламдашуу 2 мүнөт | Окуучулар менен саламдашат,сабактын даярдыгына көңүл бурат,катышууну эсепке алат. | Мугалим менен саламдашып,керектүү окуу куралдарын даярдашат,катышуу боюнча маалымат берет. | НК2 | ПК | |
| | 1.2.Шыктандыруу 2мүнөт | Жуптагы түгөйлөр бири – бириненерге өздөрүңөрдүн аттарыңардын баш тамгасы менен башталган "жагымдуу сөз"айтасыңар. | Өз жуптарына каалоо айтышат.Мисалы Аяна Исламга "Акылдуусуң",Ислам Сайкалга "ийгиликтүүсүң" ж.б | НК2 | | |
| 2 | Үй тапшырмасын текшерүү 5мүнөт | Жуптардын аткарган тапшырмаларына көзөмөл жүргүзөт.Кандай өзгөчө сөз түркүмдөрүн билесиңер?Тууранды сөз деген эмне?Сырдык сөздөргө мисал келтирүү менен ,азыркы учурдагы ички сезимиңерди билдиресиңер,- | Жуптар аткарган тапшырмаларын алмашуу жолу менен окуп беришет.Андан кийин өзгөчө сөз түркүмдөрү ,тууранды сырдык сөздөр жөнүндө маалымат бөлүшүшөт.Азыркы учурдагы сезимдерин билдирүү менен сырдык | НК1 НК2 | ПК2 | Суммативдик баалоо |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | деген талаптар менен кайрылат. | сөздөргө мисал келтирет | | | |
| 3 | Жаңы теманы түшүндүрүү 10мүнөт | Тактага дата,сабактын темасын жазат.Сабактын темасын ,максатын окуучуларга угуза айтат. 2-3 окуучудан максатты сурайт.Этиштин өзгөчө формалары анын ичинен атоочтук аны уюштуруучу мүчөлөр жөнүндөгү слайд аркылуу  теманы түшүндүрүп берет. | Окуучулар дептерлерине дата,сабактын темасын жазышат.Мугалим берген маалыматтан атоочтукту уюштуруучу формаларды белгилеп жазып алышат | НК1 НК3 | ПК1 ПК2 | Сумматившдик баалоо |
| 4 | Практикалык иш 15 мүнөт | “Ким ылдам “оюну аркылуу атоочтуктарды уюштуруучу мүчөлөргө кайсы окуучу көбүрөөк мисал келтирээрине көзөмөл жүргүзөт.Туура жооп берген окуучуларга стикер берип турат.130-131-көнүгүүлөрдүн | Атоочтуктарды уюштуруучу мүчөлөргө мисалдарды келтиришет.Алган стикерлерин топтошот.130-131-көнүгүүлөрдүн тапшырмаларын угуп,түшүнүксүз жерлерин тактап сурашат. | НК2 | ПК2 | Сумматившдик баалоо |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | тапшырмалары менен таанышытырат. | | | | |
| 5 | Бышыктоо 4 мүнөт | Таркатмаларды сабакта орто ,начар катышкан окуучуларга таратып,билгичтиктеринин деңгээлине көзөмөл жүргүзөт. | Таркатма берилген окуучулар 2 мүнөттө даярданып ,калган убакытта жооп беришет. | НК1 НК2 НК3 | ПК2 | Суммативдик балоо |
| 6 | Баалоо 3 мүнөт | Баалоо критерийлерин эске алуу менен баалайт | Стикерлерин жекече санайт,андан кийин жуптар өз упайларын эсептешет. | НК2 | | Суммативдик баалоо |
| 7 | Үй тапшырмасы 2 мүнөт | 132-көнүгүү үй ишинин аткарылыш талаптарын түшүндүрүп берет. | Күндөлүктөрүнө жазып алышат | | | |
| 8 | Жыйынтыктоо Рефлексия 2мүнөт | Атоочтук жана аны уюштуруучу мүчөлөрдү кайталап эске салат. | Атоочтуктардын мүчөлөрүн катар менен бири- бирин кайталабастан айтышат. | НК2 | | |